Калыгул к З., Абдисаттар к Н., Эргашева Н.А.

# АДАБИЙ ОКУУ САБАКТАРЫНДА ЖАЗУУ КЕБИН ӨНҮКТҮРҮҮ МЕНЕН КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН РУХАНИЙ-АДЕПТИК ЖАКТАН КАЛЫПТАНДЫРУУ

Калыгул к З., Абдисаттар к Н., Эргашева Н.А.

# НРАВСТВЕННО - ЭТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ ЧЕРЕЗ ПИСЬМЕННОЙ РЕЧИ НА УРОКАХ ЧТЕНИЯ

Kalygul K., Abdisattar K., Ergasheva N.

# FORMATION OF MORAL AND ETHICAL PRINCIPLES OF JUNIOR SCHOOL CHILDREN IN LESSONS OF READING THROUGH WRITTEN SPEECH

УДК: 372.8

Кенже мектеп окуучуларын руханий-адеп-ахлактык жактан тарбиялоо проблемасынын актуалдуулугу биздин коомдун инсандык сапаттарга ээ болгон билимдүү, адептүү инсанды даярдоого өзгөчө муктаж болуп жаткандыгы айтылат. Балдар адабияты кенже мектеп окуучуларында адеп-ахлактык түшүнүктөрдү калыптандыруунун каражаты катары башталгыч мектеп окуучулардын интеллектинин өнүгүшүнө көмөкчү болуп келет. Бирок, тилекке каршы, азыркы окуучулардын китепти аз окушат же окуганга кызыгышпайт. Мугалимдер балдардын көңүлүн адабиятка буруунун жолун издейт. Макалада кыргыз тили жана адабий окуу сабактарында кенже класстардын жазма кебин имитативдик (тууроочулук), коммуникативдик жана конструкциялык методдорду колдонуу жагы каралган. Аталган методдор аркылуу мугалим тарабынан адеп-ахлак маселесин көтөрүп, адамдык асыл сапаттар менен байланыштырып, окуучулардын аң-сезиминде жана жан дүйнөсүндө маанилүү адеп-ахлактык осуяттарды бекемдөө жолдору сунушталган.

Ачкыч сөздөр: балдар адабияты, адеп-ахлак, кенже мектеп окуучулары, сапат, имитативдик метод (тууроочулук), коммуникативдик метод, конструкциялык метод.

Говорится, что актуальность проблемы духовно-нравственного воспитания младших школьников заключается в том, что наше общество особенно нуждается в подготовке образованных и нравственных людей, обладающих личностными качествами. Детская литература способствует развитию интеллекта младших школьников как средство формирования нравственных представлений у младших школьников. Но, к сожалению, современные студенты меньше читают книги или не интересуются чтением. Учителя ищут способ привлечь внимание детей к литературе. В статье рассматривается использование подражательного, коммуникативного и конструктивного методов при написании младшими классами уроков кыргызского языка и литературы. С помощью вышеперечисленных методов педагог поднимал вопросы нравственности, связывал их с благородными человеческими качествами, предлагал пути укрепления важных нравственных заповедей в сознании и душе учащихся.

Ключевые слова: детская литература, нравственность, младшие школьники, качество, подражательный метод (подражание), коммуникативный метод, конструктивный метод.

It is said that the relevance of the problem of spiritual and moral education of junior high school students is that our society is especially in need of training educated and moral people with personality qualities. Children's literature contributes to the development of the intelligence of elementary school students as a means of forming moral concepts in junior high school students. But, unfortunately, today's students read books less or are not interested in reading. Teachers are looking for a way to draw children's attention to literature. The article deals with the use of imitative, communicative and constructive methods in the writing of junior classes in Kyrgyz language and literature lessons. Through the above-mentioned methods, the teacher raised the issue of morals, connected them with noble human qualities, and proposed ways to strengthen important moral precepts in the minds and souls of students.

Key words: children's literature, morality, junior high school students, quality, imitative method (imitation), communicative method, constructive method.

Кайсы гана коомдук түзүлүш болбосун инсандын материалдык эмес, руханий жактан калыптануусу негизги маселе болуп келген. Себеби адамдын инсандыгы анын руханий, адеп – ахлактык абалына жараша калыптанат. Ошондуктан балдарга руханий тарбия берүү маселеси ар бир ата-эне, мектеп, мамлекеттин жана бүтүндөй коомдун алдында турган негизги көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Азыркы коомдо жаш муундарды руханий жана адеп-ахлактык жактан тарбиялоо боюнча

көптөгөн көйгөйлөр кездешет. Кенже мектеп окуучуларын руханий-адеп-ахлактык жактан тарбиялоо проблемасынын актуалдуулугу биздин коомдун инсандык сапаттарга ээ болгон билимдүү, адептүү инсанды даярдоого өзгөчө муктаж болуп жаткандыгы менен шартталган.

КР Конституциясына, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык, билим берүү системасы социалдык институт болуп саналат жана өсүп келе жаткан муунду жогорку адеп-ахлактуулуктун жана сый-урматтын духунда тарбиялоону камсыз кылууга багытталган. КРнын Билим берүү жөнүндөгү мыйзамында "Руханий, адеп – ахлактык жактан тарбиялоо – бул инсандын "жүрүм-турум адаттарын жана көндүмдөрүн, анын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процесси" деп руханий, адеп – ахлактык жактан тарбиялоо максаты так көрөтүлгөн.

Чыгармачыл, сынчыл ой жүгүртүүгө жөндөмдүү, ошондой эле ар кандай кырдаалдарда туура жана жигердүү аракеттенген адам гана коомго олуттуу пайда алып келе алат жана Кыргызстандын руханий потенциалын толуктай алат.

Адабий окуу сабактары (балдар адабияты) кенже мектеп окуучуларында адеп-ахлактык түшүнүктөрдү калыптандыруунун каражаты катары башталгыч мектеп окуучулардын интеллектинин өнүгүшүнө көмөкчү болуп келет. Адабий билим берүүнүн негизги максаты окуучуларга ата мекендик жана дүйнөлүк көркөм адабияттын байлыгын сиңирүү, алардын эстетикалык жактан тарбиялоо жөндөмүн калыптандыруу, адабиятка жана андагы чагылдырылган турмуш чындыгына баа берүү, ошонун негизинде эстетикалык табитин калыптандыруу жана өнүктүрүү болуп эсептелет.

Адабий окуу балдардын оозеки чыгармачылыкка кызыгуусун арттырып, адабий чыгармаларды окууга түрткү берет. Бирок, тилекке каршы, тажрыйба көрсөткөндөй, азыркы окуучулардын кызыгуусу башка. Балдар китепти аз окушат же окуганга кызыкпайт.

Ал эми мындай учурда мугалим балдардын көңүлүн адабиятка буруунун жолун издейт. Сабак учурунда мугалим тарабынан адеп-ахлак маселесин көтөрүп, адамдык асыл сапаттар менен байланыштырып, окуучулардын аң-сезиминде жана жан дүйнөсүндө маанилүү адеп-ахлактык осуяттарды бекемдөө: күнөө кылба, алдамчы болбо, келишим түзбө, абийириңи сакта ж.б. тарбиялык жактан баланы туура калыптандыруу максаты турат. Адабий окуу сабактарында жакшылык, жамандык, абийир, момундук сыяктуу түшүнүктөр чыгармаларды изилдөө аркылуу талданат. Көптөгөн достук, тилектештик, жоопкерчилик сыяктуу моралдык сапаттар калыптанат. Китептерден жомокторду, тамсилдерди, аңгемелерди, ырларды окуу жана талдоо балдарга адамдардын адеп-ахлактык иш-аракеттерин түшүнүүгө жана баалоого шарт түзөт. Балдар достук, эмгекчилдик, адилеттүүлүк, адамгерчилик жана мекенчилдик, чынчылдык, берилгендик жөнүндөгү суроолорду камтыган темаларда жазылган мтериалдарды өздөрүнө жеткиликтүү формада окуп, талкуулап, талдап чыгышат. Балдардын көнүлүн жакшылыктын гана эмес, ошондой эле жамандыктын көрүнүштөрүнө буруу зарыл, аларда абийирсиздикке, адилетсиздикке жана ырайымсыздыкка каршы чыгуу каалоосун тарбиялоо зарыл.

Жазууга үйрөтүү жана жазуу кебин өстүрүү тилди өздөштүрүү кенже мектеп окуучусун руханий-адептик жактан калыптандыруу процессинин зарыл шарттарынын бири болуп саналат. Окуучулардын кеп ишмердүүлүгү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү бул эне тилине жана адабиятына болгон сүйүүнү тарбиялайт, инсандык сапаттарды – курчап турган дүйнөгө позитивдүү мамилени, жоопкерчиликти, эмгекчилдикти, баарлаша билүүнү, максатка жетүүдөгү туруктуулукту калыптандырат. Кыргыз тили жана адабий окуу сабактарында кенже класстардын жазма кебин имитативдик (тууроочулук), коммуникативдик жана конструкциялык методдорду колдонуу жагын алып көрөлү.

Имитативдик методду "үлгүгө негизделген" методдор (тууроочулук) деп атоого болот. Үлгүгө негизделген методдордун алкагында үлгүдөгү тексттерди талдоо, өзүнүн тилдик конструкцияларын синтездөө, сөздөрдү жана тилдин башка каражаттарын тандоо, тексттерди моделдөө жана ушул моделдердин негизинде сүйлөмдөрдү жана тексттерди түзүү, жалпылоо, эрежелерди чыгаруу жана ал тургай чыгармачылык менен толуктоо же өзгөртүү, сахналаштыруу, көркөм окуу жана баяндоо ж.б. жумуштары аткарылат.

Кепти «үлгү боюнча» окутуунун методдору өзүнүн кеңири ыкмаларына, окуучулардын ишинин түрлөрүнө ээ, алар: окулган тексттерди кайра айтып берүүнүн көп сандаган түрлөрү, ар кандай типтеги жазуу жүзүндөгү тексттер: текстти лингвистикалык талдоо менен, иллюстрациялар менен, жанрларды өзгөртүү ж.б. жумуштары аткарылат.

«Үлгүгө негизинделген» методу аркылуу мектеп окуучулары кептин түрлөрү жана ар кандай жанрлар боюнча иштешет: сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү; аңгеменин, очерктин, гезиттеги макаланын стилдик, композициялык, мазмундук өзгөчөлүктөрүнө, окулган китепке же спектакль жөнүндө рецензияга, мүнөздөмөлөр жазылат.

Коммуникативдик методдо анын бардык этаптары – кырдаалдык, мотивациялык, маектештин кабылдоосу, пикир алмашуу, кайтарым байланыш эске алынат. Коммуникативдик методдо сүйлөө кырдаалын түзүү же аларды турмуш агымынан тандап алуу; ролдук оюндар, сүрөттөрдү тартуу, жазууларды жана күндөлүктөрдү жүргүзүү; кыялдануу, анын ичинде жомокторду түзүү; ар түрдүү жанрларды тандоо каралат. Бул ыкма окуучулардын ар кандай жазуу жана оозеки сүйлөө көнүгүүлөрүнүн – эсселердин, дил баяндын темасы, аны түшүнүү, анын чегин аныктоо, темалардын баш ийүүсү, теманы ачууга болот. Аткарылуучу жумуштар:

- эссени белгилүү бир планга баш ийдире билүү, анда өз оюңду, позицияңды, эмоцияңды, адамдарга болгон мамилеңди, алардын иш-аракетин ж.б.;
- темага жана планга ылайык материалды чогултуу, топтоо, маанилүү, негизги жана кошумчаны тандай билүү;
- материалды системалаштыруу, аны иретке келтирүү, ойлонуу жана план түзө билүү, композициянын үстүндө иштөө - баштоо, аяктоо;
- текстти тилдин даярдоо тармагында билгичтиктер: темага ылайык сөздүк даярдоо, сөздөрдү, айкалыштарды, фразеологияларды, сөз айкаштарын тандоо; келечектеги тексттин фрагменттерин даярдоо, оозеки вариантта – интонациялар, даректер ж.б.у.с.
- текст түзө билүү - оозеки сүйлөөдө импровизациялоо, жазууда катасыз жазуу, кагаз бетине текстти иретке келтирүү, аны абзацтарга бөлүү;
- жазууну, түзөтүүнү, орфографияны жана пунктуацияны текшерүүнү өркүндөтүү.

Конструкция методу (куруу) – синтетикалык метод болуп саналат. Үлгүгө негиздеп окутуу системасында тексттин түрлөрү талданат жана моделделет, конструкция методунда бул моделдердин жардамы менен өз текстин куруу ишке ашырылат. Конструкция методу коммуникативдик метод менен да байланышта жүрөт. Анткени ал кептин мотивациясын, анын эффективдүүлүгүн камсыз кылат, кептин социалдык жана жеке функцияларын аныктайт.

Башталгыч класстарда дилбаян жана эссе сыяктуу жазуу жүзүндөгү көнүгүүлөр салыштырмалуу сейрек аткарылат, бирок чакан формадагы жазуу түрүндөгү кептик көнүгүүлөр жана кепти өнүктүрүү үчүн оозеки көнүгүүлөр үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү керек. Ийгиликтүү окуу качан гана ар бир көнүгүү системалуу түрдө аткарылып жүрсө ишке ашат. Өзгөчө чыгармачылык менен аткарыла турган тапшырмалар окуучулардын адатына айланышы керек.

Эркин жат жазуулар баяндама жазууга даярдоо этабы болуп саналат. Алар окуучулардын сүйлөө жөндөмүн өркүндөтүүгө, негизги ойлорду бөлүп көрсөтүү жөндөмүн өнүктүрүүгө жана алардын көңүл буруусун кеңейтүүгө жардам берет.

Жумуш окуучуларды толук текст менен тааныштыруудан башталат. Андан кийин мугалим тексттин айрым абзацтарын 2 жолу кайталап окуйт.
Ал эми окуучулар текстти өздөштүрүп, мазмунду туура жана ырааттуу берүүгө аракет кылышат.

Бул сыяктуу көнүгүүлөр окуучулардын жаттоо көндүмдөрүн калыптандырууга көмөктөшөт; көңүл буруусу, интеллекти өсөт, логикалык эс тутуму өсөт.

Сүрөттөө элементтери бар аңгемелер - сүрөттөөнүн маңызы объекттин жана кубулуштардын мүнөздөмөлөрүн аздыр-көптүр деталдуу көрсөтүүдөн турат. Сүрөттөөчү элементтери бар тексттерди талдоодо, окуянын негизги идеясын билдирүү үчүн бул сүрөттөмөнүн маанисине көңүл буруу керек, анткени балдар көбүнчө сүрөттөмөлөрдү калтырышат жана аларды дил баяндарда сейрек колдонушат.

Тексттен тапшырмалар боюнча тандап көчүрүү көнүгүүсү. Ал бүтүндөй текстти эмес, тапшырмага ылайык айрым сөздөрдү, сөз айкаштарын же сүйлөмдөрдү жазуу үчүн арналган. Мисалы, 4-класста “Алтын күз” аңгемесинен күздү сүрөттөө үчүн колдонгон сөздөрдү жаз.

- Суроолорго жазуу жүзүндө жооптор. Бул көнүгүүлөр балдарды тексттин мазмунун так жана так жеткирүү үчүн сүйлөмдөрдү туура түзүүгө үйрөтөт.

- Кыска аңгеме жазуу. Кыскача жазууну үйрөнүү - жазууну эң татаал бөлүктөрүнүн бири. Ал окуу сабактарында кыскача кайра айтып берүүгө үйрөтүү менен катарлаш жүрүшү керек.

Мазмунду толук жеткирүүгө караганда кайра айтып, кыскача жазып коюу кыйыныраак. Текстти кыскартууну жөн эле кээ бир сүйлөмдөрдү жана абзацтарды алып салуу менен жасоо мүмкүн эмес. Бул мазмунду өткөрүүдө логикалык тыныгууларга алып келет. Окуучу негизги нерсени өз жолу менен, өз сөзү менен айтуусу керек.

- Текстте ээ менен баяндоочтун жагын алмаштыруу. Бул көнүгүү грамматикалык мүнөзгө ээ. Бирок 1-жакты алмаштыруу текстке кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгына алып келет. Бул көнүгүүнү ийгиликтүү аткаруу үчүн окуучу каармандын ролуна кириши керек. Анын жашын аныкта, мүнөзүн түшүн, окуяларга анын көзү менен кара деген тапшырмалар берилет.

- Чыгармачылык жат жазуу. Бул көнүгүүдө сөздөрдүн грамматикалык формаларын өзгөртүү, сүйлөмдү мааниси боюнча ылайыктуу экинчи даражадагы мүчөлөр менен кеңейтүү, керексиз сөздөрдү жок кылуу же башка туура келген сөздөр менен алмаштыруу тапшырмалары берилет.

- Таяныч сөздөрдүн негизинде текст түзүү. Берилген тексттин башталышы же анын аягы боюнча аңгеме түзүү чыгармачылык иштин бир түрү болуп саналат. Сүйлөмдөр сөздү активдештирүү, кептин окуянын же эссеге деталдарды топтоо максатында түзүлөт. Чыгармачыл баяндоолор окуучуларда өз оюн билдирүү жөндөмүн өстүрөт жана жазууга алгачкы кадамдары болуп саналат.

Башталгыч мектеп окуучулары программаны ар тараптан өздөштүрүшөт, мында жаш курагына жана жекече өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу ар кандай кыйынчылыктарга дуушар болушат. Мектеп окуучуларын жазууга үйрөтүүдөгү кыйынчылыктардын өзү мугалимдерди аларды жоюунун жолдорун издөөгө жана жазууну үйрөтүүнүн эффективдүү ыкмаларын жана каражаттарын издөөдө ийгиликтерге алып келет. Аталган методдорду колдонууда жазуу жумуштарында пайда болгон кыйынчылыктарды чечүүдө пайдаланууга жана белгилүү бир натыйжага жетишүүгө болот.

Адабияттар:

1. С.Рысбаев, п.и.д.,профессор 1-класстын окуучуларын жазуу маданиятына үйрөтүү ыкмалары. https://www.kao.kg/images/stories/doc/195_001.pdf
2. Элмуратова З. Алиппеден кийинки мезгилде окуучулардын жазуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн методдору. http://jarchy.arabaev.kg/admin-admin/fotogalere/1550050833_72-75.